30.08.2018 БЕКИТЕМИН

№1 пед.кеңешменин Мектеп директору Исанова Ж.М

чечими менен кабыл алынды

## Свердлов Районунун №87 жалпы орто билим берүү мектеби олимпиада өткөрүү боюнча Жобо

### 1. Жалпы жобо:

1.1 Жобо мектеп олимпиадасын өткөрүүнүн иреттүүлүгүн, уюштуруу учурун, жеңүүчүлөрдү аныктоону, методикалык жардам берүүнү камсыздайт.

1.2 Олимпиаданын негизги максаты жана тапшырмасы окуучулардын өнүгүүсүн арттыруу, чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү, предметтер боюнча илимий ишмердүүлүккө, окуу жана практикага кызыктыруу, өзгөчөлөнгөн окуучуларга шарт түзүү, таланттуу балдарды топтоо.

1.3 Мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулар өз эрки менен катышат.

1.4 Олимпиада 4 этап менен өткөрүлөт; мектептик, райондук, областык жана республикалык.

1.5 Олимпиаданы уюштуруучулар төмөнкүлөр:

- жалпы билим беүүчү мектептер
– райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү
– областык билим берүү бөлүмдөрү
– КРнын ББМ

1.6 КРнын ББМ тарабынан жалпы билим берүүчү программага ылайык предметтерден түзүлүп, көрсөтмөлөрү бекитилип, олимпиаданын тапшырмалары түзүлөт.

1.7 Мектептин олимпиадасынын ээ болуучу орундарынын эсеби болбойт.

1.8 Окуучулардын олимпиадага катышуудагы жыйынтыгы менен олимпиаданын жеңүүчүлөрү аныкталат. Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн фамилиялары топтогон балына жараша мамыча түрүндө жазылат, эгерде бир нече окуучулар бирдей баллга ээ болуп калышса, алфавиттин иретинде жазылат.

1.9 Жеңүүчүлөрдүн диплом, грамоталарына мектеп директорунун колу коюлуп,

Сканировано с CamScanner

моор басылышы керек.

1.10 Олимпиаданын өтүшүнө, уюштуруу иштерине уюштуруу комитети, мектеп администрациясы жана предметниктер жооп беришет.

## 2. Мектеп олимпиадасынын иреттүүлүгү:

2.1 Мектеп олимпиадасы 25-октябрдан 25-ноябрга чейинки аралыкта өткөрүлөт. Олимпиаданын датасы, мөөнөтү, предмети, өтүүчү бөлмөсү даана, так жазылып илинип коюлушу керек.

2.2 а) Мектеп олимпиадасын өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети, калыстар тобу, комиссия мүчөлөрүнүн курамы түзүлөт. Комисссия курамына МБЖри кирүүгө милдеттүү.

б) Мектеп олимпиадасынын предметтеринин тапшырмалары МБ кеңешмесинде кабыл алынып, ОББ текшерет да, директор бекитет.

2.3 Мектеп олимпиадасына жалпы билим берүү программасына ылайык предметтердин тапшырмалары түзүлөт да, 5-11-класска чейин өткөрүлөт.

2.4 Мектеп олимпиадасын 2 этап менен өткөрсө болот:

1-каалоочулардын баары катышат.

2-жеңүүчүлөргө жогорку баа алгандарга кайрадан дагы өткөрүү керек.

2.5 а) Жогорку баллга ээ болгон окуучулар мектеп олимпиадасынын жеңүүчүлөрү болуп эсептелинет.

б) Эгерде жеңүүчүлөр тандалбай калса, анда сыйлыкка ээ болуучулар гана белгиленет.

2.6 а) Мектеп олимпиадасынан сыйлыкка ээ болгондору предметтер боюнча тандалат да, кайрадан даярдалып райондук олимпиадага барышат.

б) Эгерде жеңүүчүлөрдүн сыйлыкка татыктуу болгондорунун баллы бирдей болуп калса, калыстар тобу чечим чыгарып жеңүүчүнү аныктайт

Сканировано с CamScanner